2017

# Ош мамлекеттик университети



# 1-курстар үчүн маалыматтык китепче

www.oshsu.kg

25.08.2017

## Кыргыз Республикасынын Гимни

*Сөзү: Ж. Садыков жана*
*Ш. Кулуевдики*
*Музыкасы: Н. Давлесов жана*
*К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын
Ыйык сактап урпактарга берели.

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсөбер,
Өз тагдырың колунда.

## Ош МУнун Гимни

*Сөзү: А. Барпиевдики*
*Музыкасы: К. Жумабаев,*
*И. Кебековдуку*

Кыргыз жери–элдин улуу дастаны,
Нурга бөлөп, бейпил, ачык асманы,
Ата Журттун ак батасы төгүлүп,
Акыл бешик ордосу бол, Ош шаары.

**Кайырма:**
Куту сенсиң университет кыргыздын,
Ырыс, бакыт уул-кызына тургуздун,
Жарык чачып, жылдыз болуп жайнаган,
Жаштыгысын жалындаган турмуштун.

Баары сенде: өнөр, турмуш сырлары,
Бийик сезим, билим, сүйүү, ырдагы.
Илим көчү кылымдарды карытып,
Окумуштуусу – көктөЧолпон таңдагы.

**Кайырма:**

Мезгил өтөт убакытты камчылап,
Университет –жанып турган шамчырак.
Чырпыктарың чынар окшоп жетилип,
Кучак жайып, гүлдөп өскүн жаркырап.

**Кайырма:**

**ОшМУнун миссиясы:**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүүдө сапаттын кепилдигин камсыздоо; билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу; жаштарды адептик, маданияттык, илимий жана адамзаттык баалуулуктарды урматтоого тарбиялоо;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын илимде, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо;
- Борбордук Азиядагы эң мыкты 5 университеттин катарына кирүү.

**Миссия ОшГУ:**

- Обеспечение гарантии качества в современном образовательном процессе, основанном на компетентностном подходе; интеграция в мировое образовательное, научное и культурное пространство; формирование у молодежи нравственных, культурных и научных ценностей общества;
- Подготовка высокопрофессиональных кадров, способных реализовать свой интеллектуальный потенциал в науке, производстве и профессиональной деятельности для обеспечения экономического, социального и политического развития страны;
- Вхождение в число пяти лучших университетов Центральной Азии.

## УРМАТТУУ СТУДЕНТ ДОСТОР!

Көп жылдык тарыхы бар, Кыргызстандын эң алдынкы окуу жайларынын бири болгон Ош мамлекеттик университетинин студенти болушуңар менен куттуктайм! Бүгүн силер үчүн жаштыктын эң эсте калаарлык мезгили башталды, олуттуу жашоого кадам таштадыңар.

Так ушул жерде өз алдынчалуулук үчүн сынактар тапшырылат, демилгелүүлүк менен жоопкерчилик айкалышат, билим алуу менен аны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү сыналат. Ушул жерден акыреттик достор табылат, мүмкүн сүйүү жолугат.

Жогорку окуу жайында мектептен айырмаланган эрежелер, шарттар бар, жана алар силер үчүн таптакыр жаңы. Бирок, бул жаңылыктар силерди чочутпастан, тескерисинче динамика, мотив бериши керек.

Сүйүктүү студент достор! Качан гана ар бирибиз конкреттүү түрдө Кыргызстаныбыздын өнүгүшүнө салымыбызды кошконубузда өлкөбүздө өнүгүү, өсүү камсыз болот. Жаңы мезгилге шайкеш келген, күчтүү, билимдүү, таза, жаңы муундун катарын толуктайсыңар деп терең ишенем!

**Исаков Каныбек**
***ОшМУнун ректору,***
***филология илимдеринин доктору, профессор.***

**Университет жөнүндө**



Ош мамлекеттик университетинин тарыхы 1939-жылы Ош мугалимдер институту түзүлгөн күндөн башталат. Институттун курамында тарых-филология, физика-математика жана табият таануу-география факультеттери болгон. Согуштук шартка байланыштуу, 1942-жылдын сентябрында курамында 9 профессор, 25 доцент, 30 дан ашуун окутуучулары бар Ростов шаарындагы мамлекеттик университет жана педагогикалык институт Ош шаарына көчүрүлүп келинип, мугалимдер институтунун базасында иштеген. 1951-жылдын 24-майындагы СССРдин Министрлер Советинин токтомунун негизинде 1951-жылдын 1-августунан Оштогу мугалимдер институту курамында «Тил жана адабият», «физика-математика», «биология», «чет тилдер» жана «дене тарбия» факультеттерин камтыган Ош педагогикалык институту болуп кайрадан уюштурулган.

**1992-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен институт Ош мамлекеттик университети болуп түзүлгөн.**





**Бүгүн ОшМУда:**

- 18 факультет
- 3 институт
- 3 колледж
- 1 илим изилдөөчү институт
- 2 академия
- 2 лицей
- 1 окуу борбору
- 1 бала бакча
- 22 эл аралык борбор
- 8 жатакана
- 2 медициналык клиника
- Ысык-Көлдө "Үмүт" пансионаты
- Ошто "Ак-Буура" эс алуу жайы
- Студенттик профилактория
- Китеп фонду 1 000 000 нусканы түзгөн 15 китепкана
- 40 окуу залдары бар
- Университетте **1670** окутуучу эмгектенип, **27 миң студент 76 багыт боюнча билим алат.**

***“ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСТИТЕТИ – ИЗДЕНИП, ЖАҢЫГА УМТУЛУП, ЖАҢЫНЫ ЖАРАТЫП ЖАТКАН УНИВЕРСИТЕТ”***

## ЭҢ КӨП БЕРИЛҮҮЧҮ СУРООЛОР.

### Адаптациялык- ориентациялык жума деген эмне жана ал качан өткөрүлөт?

Ориентациялык-багытоочу жума адатта окуу жылынын башталышында өткөрүлүп, жаңы келген студент менен окуу жайды тааныштыруу иш-чараларын камтыйт. Иш-чаранын программасы студенттердин ОшМУдагы жаңы жашоосуна жеңил адаптация болушуна шарт түзүп, университеттин жашоосу, эрежелер жана өзгөчөлүктөр жана окутуучу-профессордук курам менен тааныштырууну көздөйт.

### ОшМУнун жатаканаларына кантип жайгашса болот?

Жатаканага жайгашуу үчүн ОшМУнун ректорунун наамына арыз жазып кайрылып, жатакананын комендантынан бөлмө алуу керек, андан соң жатаканалар боюнча координаторунан ордер талап кылынат. Бул боюнча суроолор болсо:

- ОшМУнун жатаканалар боюнча координатору – Абылкасым уулу Канатбек – тел 0777 35 85 27 (219 кабинет, Башкы корпус)

### Студенттик билет качан берилет?

Студенттик билет – студенттин жаңы статусун белгилөөчү документ болуп саналат жана 1-курска кабыл алынган студенттер менен болгон жалпы жыйында деканат тарабынан берилет.

### “AVN ОшМУ” маалымат системасы деген эмне жана ал студент үчүн эмнени берет?

Ош мамлекеттик университети жаңылануулар аркылуу өнүгүүнү, билимдерди жана бардык жерлерде маалыматтык технологияларды тандап алуу менен, өзүнүн өнүгүү жолунда сапаттуу секириктерди жасап келүүдө. Учурда окуу процессин уюштурууда 2229 компьютер, 694 принтер жана ксерокс аппараттары (3в1), 141 проектор, 61 интерактивдүү доска жана 8 лабораториялар пайдаланылат. ОшМУда 57 илимий лаборатория, 10 көз карандысыз тестирлөө борбору жана 7 дистанттык билим берүү борборлору иштеп жатат. ОшМУнун Медиаборбору тарабынан окуу процессине керектүү тематикалык видеотека түзүү, электрондук окуу куралдарын чогултуу, окуу жайыбыздын сайтын түзүү жана программалык жактан тейлөө, сайтты дүйнөлүк тармакта колдоо, контент-менеджерлерге кеңеш берүү, Atiz Book

Drive Pro үлгүсүндөгү сканердин жардамында китептерди электрондук үлгүгө өткөрүү, электондук китепкананын базасын түзүү жана кабыл алуу комиссиясынын ишмердүүлүгүн автоматташтыруу үстүндө иш алып барууда.

Кыргызстандагы ЖОЖдордун алгачкылардан болуп Биздин университетибизде окуу процессин автматташтыруу жана тейлөө боюнча «AVN» Информациялык системасынын негизинде ишке ашыылган. “AVN” маалымат системасы – бул окуу процессин тез жана эффективдүү башкаруу үчүн автоматташтырылган система

Ош мамлекеттик университетинде «AVN» Информациялык системасы кабыл алуу комиссиясынын, деканаттардын, кафедралардын, окуу бөлүмүнүн, студенттердин жана окутуучу-кызматкерлердин кадрлар бөлүмдөрүнүн, экономика бөлүмүнүн жана бухгалтериянын иштерин автоматташтыруу, окуу процессин эффективдүү уюштуруу жана өркүндөтүү, профессордук-окутуучулук курам, студенттер жана коомчулук үчүн айкындыкты камсыз кылуу максатында ишке киргизилген.

Автоматташтырылган системанын жардамына электрондук жадыбалдар түзүлүп, модулдардын жыйынтыктарын AVNге убагында кийирүүсүн шарттады. Студенттердин жетишүүсү боюнча маалыматтарды он-лайн режиминде AVN системасы аркылуу каалаган колдонуучу кирип көрүү мүмкүнчүлүгү бар. Ар бир модулдун, сессиянын жыйынтыгы боюнча студенттердин рейтинги (хит-парад) чыгарылып атайын доскаларга жарыяланат. Айрым факультеттерде кышкы, жайкы сессияларды уюштуруу жана жыйынтык отчетторду алуу толук автоматташтырылды. Академиялык справкаларды AVN информациялык системасы аркылуу жасап, алардын электрондук базасын түзүү механизми ишке ашырылган.

ОшМУнун студенттери корпоративдик “AVN” маалымат системасында университеттин төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрүн пайдалана алышат:

- Окуунун жадыбалынын бардык (факультеттин, кафедранын, окутуучунун, аудитория жана корпустардын) түрлөрүн көрүү мүмкүнчүлүгү:
- Электрондук зачеттук китепчесин контролдоого;
- Студенттин окуу таржымалы (транскрипти) аркылуу кайсы предметтерди кандай баллга/баага тапшырганын көрүүгө;
- Келишимдик төлөмдөр жөнүндө маалымат алууга;
- Өздүк рейтингин көрүп турууга;
- Тест тапшырууга;
- Окутуучу-профессорлордун рейтингин аныктоого катышууга;
- Ийгиликтери жана кемчиликтери жөнүндө мезгил-мезгили менен СМС-билдирүүлөрдү алып турууга ж.б.




**AVN жөнүндө толук маалымат алуу үчүн ОшМУнун сайтынан төмөнкү шилтемени тап: http://avn.oshsu.kg/**

**ОшМУда Дата-борбор (Datacenter) ачылды**



ОшМУнун өнүгүү концепциясына ылайык жана университеттин ректору Каныбек Исаковдун демилгеси менен университетте 2017-жылдын 13-февраль күнү Дата-борбор ачылды. Бул сервердик жабдыктар глобалдык интернет тармагына жана университеттин бардык структуралык бөлүмдөрүндөгү локалдык тармактар менен була-оптикалык байланыш кабелдери менен туташтырылган. Дата-борбордун ачылышы менен университетте маалымат берүүнүн кубаттуулугу кескин жогорулады, маалыматтарды сактоонун көлөмү кеңейди башкача айтканда 148 терабайттык көлөмгө ээ болду, булуттук технология толук кандуу ишке ашты, университеттин AVN системасынын базасын сактоого резервдик сервер түзүлдү, университеттин сайттынын сервери кеңейтилди, факультет жана кафедралар үчүн сайт түзүү аянтчасы ачылды, виртуалдык лабораториялар үчүн шарттар түзүлдү, компьютердик башкаруу системасы ишке кирди, электрондук китепкана үчүн кошумча WEB-шлюз түзүүгө мүмкүнчүлүк ачылды, ошондой эле университетте кошумча 100 VoIP (IP-телефон) номерлүү мекемелик телефондук станция ишке кирди.

**Кайсы жерлерден тамак ичебиз же студенттик ашканалар кайда жайгашкан?**

Албетте, студент жакшы окуу үчүн, толук кандуу тамактануу керек болот. ОшМУнун Башкы копусунда жана ар бир окуу корпустарында баалары студенттин чөнтөгүнө ылайык болгон ашканалар иштейт (факультеттин даректери деген жерди кара).

**Ашканалардын иштөө графиктери:**

Жекшемби күндөрүнөн башка күндөрү 9:00—17:00

**Библиотекадан китептерди кантип алабыз?**

Китептерди алуу үчүн, окурмандын китепчесин деканаттан алуу керек, ал өз учурунда университеттин ар бир библиотекасынан китептерди алууга мүмкүнчүлүк берет.

Китепканага катталуу үчүн:

- Паспорт, студенттик билет, кызматтык жана аспиранттык күбөлүгү, ОшМУнун пропускасы.

Бардык окурмандарды каттоодо окурмандык документтер китепкананын жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

- ОшМУнун илимий китепканасынын окурмандык билети бардык китепкана, окуу залдан пайдаланууга укук берүүчү документ болуп эсептелет.

Толугураак маалымат алуу үчүн деканат жана өзүңөрдүн китепканаңарга кайрылсаңар болот.

Китепкананын директору –Мамбетова Сайраш Сатындиевна

Байланыш телефону: (+0996-3222) 2 66 24 (+996-551) 87 17 87

Mambetova-1958@mail.ru

**Кампустук (Электрондук) карта деген эмне жана анын кандай пайдасы бар?**

Жаңы окуу жылынан баштап, университеттин башкы корпусунда иштеп жатат, акырындап башка корпустарда да электрондук карта түшүнүгү киргизилет. Карта студенттин өздүгүн тактап, корпустарга кирүүгө мүмкүндүк берүү менен бирге эле башка функцияларды да камтыйт.




**Мисалы:**

- **Кампустук карта студенттер үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү берет:**

1) Университеттин аймагына кирүүгө;
2) Студенттик билеттин кызматын аткарат;
3) Китепканаларда окурмандык билеттин ролун аткарат;

4) Электрондук зачёттук китепче кызматын аткарат;
5) Университеттин интернет түйүндөрүнө кошулууга жана компьютердик кызматтарын колдонууга уруксат берет;
6) Студенттик ашканада төлөмдөрдү накталай эмес эсептешүүдө жардамы тийет;

**Келишимдик акыны (контракт) төлөө үчүн кайда кайрылуу керек?**



Келишимдик акыны студенттерге жана ата-энелерине ыңгайлуу болушу үчүн, заман талабына ылайык, мамлекеттик банк болгон РСК-Банктын филиалдарына төлөө мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Акчаны терминалдар аркылуу төлөсө болот.

**РСК –Банк**

**Даректери:**

ААК "РСК БАНК", ОШ ФИЛИАЛЫ



Курманжан-Датка көчөсү, 124 А;
Телефондору: (9963222)5-78-66,2-12-16;
"РСК БАНК" ААКсы, ФИЛИАЛ ОШ-ЦЕНТР;
Курманжан-Датка көчөсү, 250А;
Телефондору: (9963222) 2-37-82, 2-31-22.

**Иштөө графиктери:**

9:30-15:00 тыныгуу- 12:00-13:00, Ишемби-жекшемби - дем алыш

Мындан сырткары каалаган банк аркылуу ОшМУнун төмөнкү реквизити аркылуу келишимдик акыны жана башка төлөмдөрдү төлөп, квитанциясынын копиясын ОшМУнун бухгалтериясына тапшырса болот.

**Расчетный счет**
**Получатель: Ошский Государственный Университет**
**Расчетный счет: 4407011103007617**
**Банк получателя: Центральное казначейство**
**. г.Бишкек**
**БИК: 440001 ИНН: 00207199610017**
**Код платежа: - контрактное обучение 14232100**
**- перевод, восст. и кред.часы 14232200**
**- прожив. в общежитии 14232300**
**- диплом 14235500**
**- прочие доходы 14238900**

Төмөнкү телефондор аркылуу төлөө эрежелерин билүүгө болот ОшМУ, бухгалтерия (3222) 7-32-60

## ОшМУда окуу саат канчада башталып канчада бүтөт?

Окутуунун күндүзгү формасында окуган студенттер үчүн сабактардын жана танапистердин жаз айларындагы жадыбалы

| Пара | Кирүү | Чыгуу | Танапис |
|---|---|---|---|
| **1-смена** | | | |
| 1 | 8-00 | 8-45 | 5 мүн. |
| | 8-50 | 9-35 | 10 мүн. |
| 2 | 9-45 | 10-30 | 5 мүн. |
| | 10-35 | 11-20 | 30 мүн. |
| 3 | 11-50 | 12-35 | 5 мүн. |
| | 12-40 | 13-25 | 10 мүн. |
| 4 | 13-35 | 14-20 | 5 мүн. |
| | 14-25 | 15-10 | 10 мүн. |
| **2-смена** | | | |
| 1 | 13-35 | 14-20 | 5 мүн. |
| | 14-25 | 15-10 | 10 мүн. |
| 2 | 15-20 | 16-05 | 5 мүн. |
| | 16-10 | 16-55 | 10 мүн. |
| 3 | 17-05 | 17-50 | 5 мүн. |
| | 17-55 | 18-40 | - |

**Эскертүү: Кыш айлары үчүн жадыбал өзгөртүлүп, жарым саатка жылдырылат**.

## Кредиттик окутуу/окуу системасы жана бакалавр/адис деген эмне?

**Кредит** (зачеттук бирдик) – окутуунун белгилүү бир мезгили ичиндеги студенттин жумуш көлөмүн өлчөө үчүн, курсту окуп аяктоо үчүн зарыл болгон жана окутуунун натыйжасы менен аяктоочу аныкталган бирдик. Система мобилдүүлүктү жеңилдетип, башка аймактардагы/өлкөлөрдөгү студенттерге жана жумуш берүүчүлөргө окуу системасын түшүнүктүүрөөк кылууну көздөйт.

Окутуунун кредиттик технологиясы – өз алдынча билим алуунун деңгээлин жогорулатууга жана жекелештирүүнүн негизинде билимди чыгармачылык менен өздөштүрүүгө, билим алууда тандоонун жолу жана билимдин көлөмүн кредит түрүндө эсепке алууга багытталган билим берүү системасы. Болон процессинин принциптерине ылайык билим берүүчү деңгээл же цикл бакалавриат кирет.

**Бакалавр** – көп баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасында биринчи деңгээлдеги 4 жылдык окутууну аяктап, сынактарды ийгиликтүү тапшырып, бүтүрүү квалификациялык ишин коргогондон кийин ыйгарылуучу биринчи академиялык даража. Бакалавр академиялык даражасын алуу үчүн 240 кредит топтоо зарыл. ОшМУда окуу жылы эки семестрден туруп (күзгү жана жазгы семестрлерден) орточо узактыгы 16-18 жуманы түзөт.

Учурда Кыргызстан үчүн бакалавриаттын күндүзгү окуу формасында 4 жылга эсептелген, аралыктан окутууга (АО) 5 жылга эсептелген программасы оптималдуу болуп саналат.

Бакалаврдык деңгээл ага ээ болгон адамдын жогорку билимге ээ болгондугун жана дипломунда көрсөтүлгөн квалификация боюнча жумуш караштырууга укуктуу экендигин күбөлөндүрө тургандыгын өзгөчө белгилөөгө болот.

**Адис** – тиешелүү адистик боюнча жогорку кесиптик билим берүүдө биринчи деңгээлдеги 5 жылдык окутууну аяктап, сынактарды ийгиликтүү тапшырып, бүтүрүү квалификациялык ишин коргогондон кийин ыйгарылуучу кесиптик квалификациялык даража.

**Транскрипт** – тиешелүү окутуу мезгилинде өтүлгөн дисциплиналардын кредиттер саны жана баасы кошо көрсөтүлгөн тизмегин камтыган аныкталган формадагы документ.

Магистратурага бакалавриаттын бүтүрүүчүлөрүнүн айрымдары гана тапшырышат. Магистр даражасын алууга илимий–изилдөө иштерин жүргүзүүгө шыгы бар, өздөрү тандаган фундаменталдык билимин тереңдетип өздөштүрүүгө шыгы бар бакалаврлар гана талапкер боло алышат. Магистр даражасы аспирантурага тапшыруу жана илимий даражаны изденип алуу үчүн диссертацияны коргоого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстандагы университеттерде кредиттик технологиялар боюнча окутууга өтүү:

- дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине чыгуунун зарылдыгы;
- билим алуучуларды билим берүүчү траекториянын калыптанышына катышууга тартуу;
- билим алуучулардын академиялык мобилдүүлүгү;
- айкын эмес керектөөчүгө адистерди даярдоого багытталуу;
- маалымат технологияларын окуу процессинде жайылтуу.

## Кредиттер системасы

Зачеттук бирдиктер (кредиттер, кредиттин пункттары, ECTS –кредиттер) көлөм, студенттердин билим алууда короткон орточо убактысын көрсөтөт. Лекция, практикалык сабак, семинарлар, окуу программалары менен иштөө, практика китепканада же үйдө өз алдынча иштөө, сынактар жана башка аттестациянын процедуралары эске алынат.

Мындай болгондо, зачеттук бирдиктер студенттин аудиториялык жүктөрүн эле эмес, окуу процессине тиешелүү короткон убактысынын бардык түрлөрүн эске алат. Бул студенттин жумуш жүктөмүнүн абсолюттук ченеми эмес, салыштырма ченеми деп айтууга болот. Студенттин жылдык жумушчу жүктөмү окуу жүктөмүнүн же анын бөлүмдөрүнүн кайсы бөлүмдөрү менен салыштырылганын аныктайт. Бул салыштыруу билим берүүчү мекеменин компетенциясына кирет.

Силер билгендей, кредиттик технология силерге сөзсүз окутулуучу КР ББжИМи тарабынан каралып сунушталган сабактар менен катар силердин тандооңордогу сабактарды да божомолдойт.

1. Тигил же бул сабакты тандоо официалдуу каттоо жолу менен деканат тарабынан көзөмөлгө алынат.

2. Тандоо сабактарын аныктоо кафедра башчы тарабынан жүргүзүлөт. Кафедра тандоо сабактардын каталогунан ар бир сабакка альтернативаларды сунуштайт. Сабактарды өздөштүрүүдө ирээттүүлүктүн сакталышы боюнча кеңеш берет.

3. Күнү жана убактысын каттоо академиялык календарь менен аныкталат.

4. Сабактарды карап сиз өзүңүзгө жаккан сабакты тандайсыз.

5. Сабакка көрсөтүлгөндөн аз сандагы студентте жазылса, сабак окутулбайт.

## Студенттин өз алдынча иши

**Студенттин өз алдынча иши** (СӨАИ) – Окутуучу тарабынан сунушталган окуу-методикалык адабияттар, методикалык иштелмелер жана программалар менен туура келген аныкталган темалардын тизмеси боюнча тапшырмаларды аткарып өз алдынча иштөө.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү жалпы расписаниеге коюлбайт, ал окутуучу тарабынан берилген жеке тапшырмасынын негизинде жүргүзүлөт. Студенттин бир окуу жылындагы кредиттик окуу жүктөмү– 60, ар бир окуу семестрде – 30 кредит өлчөмүндө белгиленип бекитилген.

СӨАИнин максаты – негизги билим берүүчү программаны студенттин толук көлөмдө өздөштүрүүсү, эффективдүү, өз алдынча кесиптик ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн калыптандыруу жана төмөнкүлөрдүн эсебинен даярдоонун сапатын жогорулатуу:

- жаңы билимдерди үйрөнүүдө жана ээ болууда студенттердин өз алдынчалыгын калыптандыруу;
- студенттердин акыл эмгегинин маданиятын калыптандыруу;
- студенттердин алган билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдөө жана терендетүү;
- семестрдин ичинде студенттердин сабактарды системалуу окуп үйрөнүүсүн уюштуруу;
- студенттерди боло турган сабактарга алдын ала даярдоо;

СӨАИнин эмгекти көп талап кылаары билим берүүчү программалардагы тиешелүү окуу пландарындагы бардык сабактарда көрсөтүлөт. Окуу сабактары боюнча СӨАИнин мазмуну силлабуста берилет.

СӨАИге кеткен убакыт жумушчу окуу планы менен тартипке келтирилет. Ар бир сабак боюнча өз алдынча иштөөнүн көлөмү жалпы көлөмдүн 50%ынан ашпоосу керек.

Тиешелүү сабактар бекитилген кафедралар тарабынан СӨАИнин формалары иштелип чыгат жана бекитилет. СӨАИнин формаларын аныктоодо конкреттүү окуу сабагынын мазмуну жана өзгөчөлүктөрү, сабактар аралык

байланышы, студенттердин даярдыктарынын деңгээли жана башка факторлор эске алынат.

СӨАИ төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши керек:

- студенттин жеке өзү тарабынан аткарылышы керек;
- белгилүү бир тема же анын өзүнчө аспектиси боюнча бүткөрүлгөн иштелмесин көрсөтүү керек;
- теманы ачып берүүдө автордун компетенттүүлүгүн демонстрациялоо;
- окуу жана илимий–практикалык багыттуулукка ээ болуу;

## Студенттин өз алдынча иштөөсүнүн формасы

СӨАИ окуу планына ылайык аткарылат жана өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Аудиториялык сабактарга даярдануу (лекция, практикалык сабак, лабораториялык иш, семинар, коллоквиум, эссе) жана тиешелүү тапшырмаларды аткаруу;
- Курстук иштерди аткаруу;
- Жекече тапшырмаларды, рефераттарды, докладдарды аткаруу;
- Жазуу түрүндө текшерүү иштерин аткаруу;
- Текшерүүчү сыноонун бардык түрлөрүнө, анын ичинде негизги билим берүү программасындагы сабак боюнча билимди текшерүү учурундагы зачет жана сынактардын суроолоруна даярдануу;
- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга анын ичинде мамлекеттик сынактарга даярдануу, бүтүрүүчү квалификациялык (дипломдук) иштерди ж.б.у.с. аткаруу;
- Илимий жана илимий–практикалык конференцияларга, семинарларга ж.б.катышуу;
- СӨАИ аудиториялык (окутуучунун көзөмөлү менен) жана аудиториядан тышкары (окутуучунун көзөмөлүсүз) иш катары уюштуруу.
- Сабак боюнча өз алдынча окуп үйрөнүү үчүн бөлүнгөн бөлүктөрдү негизги жана кошумча адабияттарды пайдаланып өздөштүрүү;
- Жекече үй тапшырмаларды аткаруу.

Студенттердин өз алдынча иштери методиканы уюштуруу жана өз алдынча иштерди текшерүү менен туура келүүчү белгиленген сандагы баллдар боюнча бааланат. Сабак боюнча ийгиликтүү аттестация үчүн студент семестр аралыгында өз алдынча иштердин жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн методикада белгиленген баллдардан кем эмес баллдардын суммасын топтошу керек.

**Жетишүүнүн орточо баллы же GPA (Grade Point Average) деген эмне?**

**GPA -** студенттердин академиялык жетишкендиктерин баалоо системасы катарында Европа жана Американын көпчүлүк университет, колледждеринде кабыл алынган. Бул система окуп жаткан студенттердин тандаган программасы

боюнча каралып жаткан мезгил үчүн окуудагы ийгиликтеринин орточо салмак баасы. ОшМУда GPA баллдык шкала менен эсептелет.

**Студенттердин билимин баалоо системасы**

Ош МУда тамга белгилерин пайдалануу аркылуу баалардын көп баллдык системасы пайдаланылат, бул болсо окутуучуга студенттердин билим деңгээлин аныктоого бир топ ийкемдүү жол табууга мүмкүндүк берет.

Академиялык жетишүүнү баалоо шкаласы:

| **Рейтинг (баллы)** | тамга белгилери системасындагы баалар | **Баалардын сандык эквиваленти** | **Традициялык системадагы баалар** |
|---|---|---|---|
| 87 – 100 | A | 4,0 | Эң жакшы |
| 80 – 86 | B | 3,33 | Жакшы |
| 74 – 79 | C | 3,0 | |
| 68 -73 | Д | 2,33 | Канаатандырарлык |
| 61 – 67 | E | 2,0 | |
| 31-60 | FX | 0 | Канаатандырарлык эмес |
| 0 - 30 | F | 0 | |

I – бул эгерде студент кандайдыр бир жүйөөлүү себептер менен (катуу ооруп калуу (документ менен тастыкталган), университет алкагында сапарга баруу же иш-чараларга катышуу, үй-бүлөдөгү чукул абал) жетишпей калган учурда коюлуучу баа, жогорудагыдай себептер тууралуу студент окутуучуга же Каттоо Офисине кабарлоосу керек. I деген баа окутуучу тарабынан коюлат. Эгерде студент I баасын кийинки семестр башталгандан бир айдын ичинде оңдобосо (жайкы семестрди кошпогондо), ага автоматтык түрдө F баасы коюлат (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

P – бул студентке кредиттерди алууга гана мүмкүндүк берүүчү баа. P баасы тандоо курстары боюнча дисциплиналардан гана коюлат (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

FX – бул бааны алган студент жайкы семестрде оңдой алат.

F – бул бааны алган студент, эгерде бул милдеттүү окулуучу дисциплинадан болсо, ошол эле окуу дисциплинасын кайрадан кайталап окуусу керек. Эгерде студент бул билим берүү программасынын милдеттүү түрдөгү дисциплинасынан экинчи жолу да F деген баа алса, анда ал бул программа боюнча окууну уланта албайт.

W – бул студенттин дисциплинаны окуп-үйрөнүүнү улантуудан баш тартуусун тастыктоочу баа. W деген бааны окутуучу Академиялык календарда аныкталган мөөнөттөрдө гана коё алат. Студент Каттоо Офиси тарабынан

аныкталган формага кол коёт да, эгерде бул милдеттүү түрдөгү дисциплина болсо, аны кайталап окуп-үйрөнүүгө милдеттүү болот (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

X – студент дсициплинадан окутуучу тарабынан четтетилгендигин көрсөтөт. Аныкталган формага окутуучу менен программанын жетекчиси кол коюшат. Эгерде бул милдеттүү түрдөгү курс болсо, студент аны кайталап окууга милдеттүү. Эгерде студент экинчи жолу да X деген баа алса, анда ага автоматтык түрдө F деген баа коюлат. X баасын коюунун шарттары дисциплинанын силлабусунда көрсөтүлөт (GPAны эсептеп чыгарууда пайдаланылбайт).

**Модулдарды тапшыруу деген эмне жана ал кандайча эсептелет?**

Студенттин окуу жыйынтыктарын аныктоо үчүн ар бир дисциплинадан ***учурдук, чектик*** текшерүүлөр жүргүзүлөт

**Билимдерди баалоо жана текшерүү кандайча ишке ашырылат?**

**Учурдук текшерүү** – бул күндөлүк сабакта окутуучу тарабынан жүргүзүлгөн студенттердин билимдерин системалуу текшерүү.

Сабакты үйрөнүүдө студенттердин билимдерин күндөлүк текшерүүнүн ар кандай түрлөрү каралат: оозеки сурамжылоо, жазуу түрүндө сурамжылоо, комбинирленген сурамжылоо, үй тапшырмаларды презентация кылуу жана коргоо, дискуссия, тренингдер, тегерек столдор, кейс – стадиясы, тесттер.

Күндөлүк текшерүү семинардык, практикалык, лабораториялык сабактардын жана окутуучунун жетекчилиги астындагы студенттердин өз алдынча иштеринин алкагында ишке ашырылат.

**Чектик текшерүү (аралыктан)** – ар бир сабак боюнча 2 жолу жүргүзүлөт. Арадагы текшерүүнү жүргүзүүнүн формалары: жазуу түрүндөгү текшерүү иштер, тестирлөө жүргүзүү ж.б.

1-8-жумалардын жыйынтыгы боюнча **биринчи модуль** (чектердеги текшерүү, РК I) 8-жумада өткөрүлөт. Биринчи модулдагы жетишүүлөрдүн көрсөткүчү (балл менен) Студенттердин өз алдынча иштерин аткаруу боюнча учурдагы жетишүүнүн (учурдагы текшерүү) көрсөткүчтөрүн, аудиторияда иштөөдөгү жана коллоквиум же текшерүү иши түрүндө өткөрүлгөн чектердеги текшерүүнүн (PKI) көрсөткүчтөрүн камтыйт.

8-16-жумалардын жыйынтыгы боюнча экинчи чектердеги текшерүү (РК II) 16-жумада өткөрүлөт. РК II боюнча жетишүүнүн жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү РК I - деги сыяктуу эле аныкталат. Ар бир модулдагы жетишүүнүн максималдуу көрсөткүчү 30 баллга барабар (1-форма).

| **I Модуль (I Чектердеги текшерүү – ЧТ I (РК I)** | | |
|---|---|---|
| Студенттин | а) Теориялык материалды окуп-үйрөнүү | **5** |

| | | |
|---|---|---|
| аудиториялык иши | б) Маселелерди чыгаруу, лабораториялык иштерди аткаруу же семинардык сабактарда жооп берүү | **5** |
| **САИ боюнча жыйынтык** | | **10** |
| Студенттин аудиториядан тышкаркы иши | а) СӨИ (студенттин өз алдынча иши) | **5** |
| | б) ОСӨИ (окутуучунун кийилигишүүсү менен аткарылган студенттин өз алдынча иши) | **5** |
| **СӨИ боюнча жыйынтык** | | **10** |
| 8-жумадагы чектердеги текшерүү | Студенттин аудиториядагы жана аудиториядан тышкаркы иштери боюнча жалпы жетишүүсү | **10** |
| **ЧТ I (РК I) боюнча жыйынтык** | | **10** |
| **К I (1-модуль) боюнча бардыгы** | | **30** |

**Экзаменди ийгиликтүү тапшыруу үчүн төмөндөгүдөй формула менен К=К1+К2+И=30+30+40=100 балл алуу керек.**

**Катардагы өтүлүүчү сессиядагы кредиттен кутулуу**

Кредиттик окутуу технологиясы–негизинен “күзгү” жана “жазгы”семестрде жүргүзүлөт. Үчүнчү “жайкы” семестр кошумча түрдө керектүү учурда уюштурулат.

Студент кредиттик тапшырмаларды аткаруу менен семестрдеги “жыйынтык” баасын автоматтык түрдө ала алат.

Кошумча (жайкы) семестрден кредиттен кутула албай калган студенттер, кийинки окуу жылында жогорку курста окуусун улантуу менен жетишпей калган предметтик дисциплиналарын негизги расписаниядан тышкаркы убакта кайра окуп тапшырууга мүмкүнчүлүк алышат.

Кредиттен кутула албаган предметти кайра-кайра окууга чек коюлбайт, бирок ар бир кайталап окуусуна **кайрадан кызмат көрсөтүү акысы төлөнөт.**

**Академиялык карыздагы кредиттен кутулуу**

Бакалавриат адистиктери үчүн академиялык карызы бар студенттерге жеке жүгүртмө баракча берилбейт. Академиялык карыз болгон предметти студент жайкы семестрде кайрадан окуп, сынак тапшыруу менен карыздан кутулат. Жайкы семестр студент кандай негизде (бюджет, контракт) окуганына карабастан, өздөштүрүлбөгөн тиешелүү предметтин көлөмүнө жараша акы төлөө менен жүргүзүлөт. Эгерде студент 45тен кем эмес кредит топтосо, анда ал окуу жайдын жетекчисинин уруксаты менен кийинки курска

которула алат. Бул учурда студент тапшырбаган кредиттерди кийинки окуу жылында тапшырышы керек.

**Жайкы семестр эмне үчүн керек?**

Кышкы жана жайкы экзамендик сессиялардын жыйынтыктары боюнча ийгиликке жетишкен студенттер кийинки курска которулушат. Алар академиялык карыздары жок студенттер.

"F" бааларын алышкан студенттер үчүн акы төлөнүүчү жайкы семестр уюштурулат. Курсту кайрадан өздөштүрүүгө каралуучу акы төлөмү төлөнөт.

Жайкы семестрди уюштуруу төмөндөгүдөй тартипте ишке ашырылат:

- студенттер жайкы экзамендик сессия башталганга чейин жайкы семестрге катышууну каалагандыгы тууралуу арызды деканатка тапшырышат;
- студенттер жайкы семестрде болуучу окууга бир кредиттин наркы боюнча акы төлөмүн төлөшөт;
- деканаттардын белгилүү мөөнөттө берген билдирүүлөрүнүн негизинде жайкы семестрдин расписаниеси түзүлөт;

Жайкы семестрге катышпоо үчүн силер жыйынтыктар боюнча академиялык карыздардын болушуна жол бербешиңер зарыл.

**Кандай учурда академиялык өргүү алууга болот?**

Студент академиялык өргүүнү, б.а. убактылуу өзүнүн окуусун токтотуп коюусун ден соолугуна, төрөп калгандыгына жана аскерге чакырылгандыгына байланыштуу ала алат.

Академиялык өргүү шаардык студенттик поликлиниканын ВККнын (врачтык консультациялык комиссия) корутундусунун негизинде берилет.

Экзамендик сессиянын башталышына чейин студент академиялык өргүүнү алуу боюнча арыз берет. Академиялык өргүүдөн кайтып келген студент ВКК тарабынан окууга келүүгө мүмкүнчүлүгү бар деген корутунду алып келиши керек. Академиялык өргүүдөн келгенден кийин белгилүү мөөнөттө жумушчу окуу планындагы айырмачылыктарды тапшыруусу зарыл.

**Мамлекеттик экзамен жөнүндө**

Жыйынтыктоочу аттестация адистиктин окуу планында көрсөтүлгөн мөөнөттө жүргүзүлөт. 2-курсту аяктагандан кийин "Кыргызстан тарыхы" сабагы боюнча мамлекеттик экзамен жүргүзүлөт. Калган мамлекеттик экзамендер бүтүрүүчү курста гана тапшырылат. Силердин бүтүрүүчү ишти жазуунун эрежелери менен таанышууга жана изилдөөнүн тандалган багыты боюнча кафедра башчысынан зарыл консультацияларды алууга укугуңар бар.

**Билим алуудагы “адам факторун” четке кагуу максаты менен университетибизде 10 көз карандысыз тестирлөө борборлору иштейт**





**ОшМУнун студенттери үчүн кандай стипендияларды алуу мүмкүнчүлүгү бар:**

1. Ар жыл сайын “Эң мыкты” 5 студент 1200 АКШ $ өлчөмүндө атуулдук стипендия;
2. ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин стипендиясы;
3. КР Президентинин стипендиясын алууга.

**Эгерде медициналык жардам керек болсо?**

Муктаждыкка жараша университеттин медпунктуна же медициналык клиникасына кайрылса болот.

- Медпункттун дареги: Курманжан - Датка көчөсү, 285

тел: 2-00-46, 0772 91-96-64

дарыгер – Конобаев Немат

***Медпунктта тейлөө акысыз*.**

ОшМУнун медициналык клиникасы терапевт, невролог, гематолог, лор, пульмонолог, эндокринолог, кардиолог, окулист, уролог, ревматолог, гинеколог врачтардын кызматын сунуш кылат.

Медициналык клиниканын тейлөөсү үчүн акы алынат (студенттер жана кызматкерлер үчүн жеңилдиктер каралган)

Клиниканын директору – Калматов Роман

Дареги: Водозаборная көчөсү 215

Телефону - 4-66-20, 077045 0654

**Ата-энелер балдарынын жетишкендиктери же кемчиликтери жөнүндө кантип биле алышат?**

2016-2017-окуу жылынан тарта ОшМУда ар бир студент “академиялык маалыматты жарыялоого уруксат берүү” жөнүндөгү форманы толтурат. Ага ылайык студенттин жетишкендиктери же, тескерисинче кемчиликтери жөнүндө ата-энелер мезгилдүү СМС-билдирүүлөрдү алып турушат. (**AVN жөнүндөгү шилтемени бас).**

## Студент эмнеге укуктуу жана милдеттүү?

**Укуктары:**

- Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим алууга;
- ОшМУнун библиотекалык–маалыматтык ресурстарын акысыз колдонууга;
- «AVN» информациялык системасынан маалыматтарды алууга;
- ОшМУнун Уставынын чегинде университеттин башкаруу процессине катышууга;
- Тандаган багытынан сырткары университеттин уставында каралып окутулуучу бардык предметтерди өздөштүрүүгө жана башка жогорку окуу жайларында окутулган сабактарга катышууга (ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу менен);
- Жетишээрлик деңгээлде билим бербей, окуу– тарбиялык процесстин эрежелерин бузган окутуучуларды алмаштыруу, тийешелүү чараларды көрүү маселесин көтөрүүгө жана жетекчиликке билдирип талап коюуга;
- ОшМУнун Уставында көрсөтүлгөн окутуу, дарылоо, илимий мекемелеринин кызматтарын бекер алууга;
- КРдин мыйзамдарында каралган социалдык камсыздандыруу укуктарын пайдаланууга;
- Ар кандай илимий-изилдөө иштерине, конференцияларга, симпозиумдарга катышууга;
- Илимий иштерин ОшМУнун илимий журналдарына, басылмаларына жарыялоого укуктуу.
- ОшМУнун студенттик “Нур” газетасынын алууга жана макаласын жарыялоого (редактордун макулдугу менен)
- Студенттик прафилакторияда дарыланууга (Жолдомо профсоюз уюму аркылуу берилет, Башкы корпус 133-каб)
- ОшМУдагы чыгармачыл топторго мүчө болгонго (топтун жетекчисинин макулдугу менен)

**6.2** ОшМУ өз Уставынын чегинде студенттерди коргоого жана ден-соолугун чыңдоого кепилдик берген шарттарды түзөт.

**6.3** Окуу планын толук аткарып жаткан студенттер КРнын мыйзамдарында көрсөтүлгөн иштеген жеринен кошумча төлөнүүчү же төлөнбөөчү эмгек өргүүлөрүн алууга, кыскартылган иш күнүн алууга укуктуу.

**6.4** ОшМУнун студенттерин мажбурлап коомдук, коомдук – саясий уюмдарга, партияларга, кыймылдарга киргизүүгө жана аларды үгүттөгөн акцияларга катышууга жол берилбейт.

**6.5** ОшМУда окуган студенттер окуу планында каралбаган иш –чараларга эркин катыша алат.

**6.6** ОшМУда окуган студент өз каалоосу боюнча башка окуу жайлардын тиешелүү адистиктерине которулууга укуктуу. Бул учурда ошол окуу жайдын жетекчилигинин макулдугу керек.

**6.7** «Аскердик кызмат жана аскердик милдет жөнүндөгү» КРдин мыйзамдарына ылайык ОшМУнун күндүзгү бөлүмүндө студенттери окуу мөөнөтүнүн ичинде аскер кызматынан бошотулат.

**Эскертүү:** Аскердик факультетте окууну каалаган студенттерге керектелүүчү Т-026 документи да кадрлар башкармалыгы тарабынан акысыз берилет.

**ОшМУнун студенти милдеттүү:**

- Окуу программасында жана пландарында каралган бардык сабактарга катышууга жана берилген бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
- Тандалган адистик боюнча ийгиликтүү иштеп кетүүүчүн теориялык жана практикалык билимдерди, заманбап технологияларды терең өздөштүрүүгө;
- Тиешелүү окуу планы жана программасы боюнча каралган бардык тапшырмаларды көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарууга;
- Университеттин Уставына ылайык бекитилген окуу пландарында көрсөтүлгөн мөөнөттө модулдук–рейтинг системаларын тапшырууга («AVN» информациялык системасы боюнча) жана билимдерди жыйынтыктоочу аттестациялардан өтүүгө;
- Окуу процессинин календардык мөөнөттөрүн бузбоого, экзамендерди жадыбалда көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде тапшырып бүтүүгө;
- Коомдук жүрүм–турумдун жалпы эрежелерин сактоого жана университеттин кызматкерлерине жана жолдошторуна урмат менен мамиле кылууга;
- Жалпы маданиятыңды, адептүүлүк сапаттарыңды көрсөтүүгө умтулууга жана ден-соолугунду чыңдап өнүктүрүүгө;
- Окуу – тарбия иштерине жана турмуштагы жетишпестиктерге сын көз караштa болуп, аларга каршы турууда турмуштук активдүү позицияны ээлөөгө: **(ОшМУнун №15-бюллетени,2011-ж, 6-пункт)**

**Эсиңерде болсун достор, университеттин бардык имараттарында төмөндөгүлөрдү жасоого тыюу салынат:**

• Университеттин Уставында бекитилген жалпы көрсөтмөлөрдү бузууга;
• Сабак учурунда мобилдик телефондорду колдонууга, катуу сүйлөп сабакка жолтоо болууга:
• Жүрүм-турум эрежелерин, коомдук тартипти бузууга;
• сабактарга катышпай коюуга.

**Маанилүү!!!**

Эгерде студент ооруп калса деканатка атайын үлгүдөгү медициналык справка бериши керек, анткени жүйөөсүз себептер менен бир окуу семестринин ичинде 60 сааттан ашык сабакка келбегендер окуудан чыгарылат. Сабакка жүйөөлүү себептер менен катышпай калган учурда, окуу жайына келген биринчи күндө эле факультеттин деканатына сабакка келбей калган себептерин айгинелеп көрсөтүү зарыл.

**Ички жана тышкы мобилдүүлүк деген эмне?**

**Академиялык мобилдүүлүк** – бул студенттердин, ординаторлордун, магистранттардын, окутуучулардын жана изилдөөчүлөрдүн бир семестрде же

окуу жылында башка окуу жайга (өлкөнүн ичинде же чет өлкөдө) окуу, практикадан өтүү, тажрыйба топтоо жана изилдөө жүргүзүү үчүн орун которуусу. Академиялык мобилдүүлүк сырткы (эл аралык) жана ички (улуттук) болуп бөлүнөт.

Азыркы учурда ОшМУ дүйнөнүн 36 мамлекетинин 105 университети менен келишим түзүүгө жетишип, 40тан ашуун эл аралык уюмдар, банктар, компаниялар жана интеграциялык бирикмелер менен активдүү өнөктөш катары иш алып барууда. ОшМУда 1 904 чет элдик студент билим алууда.

Кыргыз Республикасынын университеттеринин ортосундагы ички академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу үчүн ОшМУнун демилгеси менен "Ош Декларациясы" кабыл алынып, борбордогу жана аймактык университеттердин ортосундагы байланыш чыңдалууда.

Жылына 300дөн ашуун окутуучу жана 500дөн ашуун студенттер, ординаторлор жана магистранттар академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында башка мамлекеттердин жогорку жана орто окуу жайларында бир семестрден бир жылга чейин билим алып келишет.

**ОшМУнун эл аралык байланыштар бөлүмү.**
Дареги: Ленин көчөсү 331, Башкы корпус, 130-кабинет,
Тел.: +996 3222 20487. Факс: +996 3222 20997.
Башчысы: Амиралиев Семетей Манасович (0772457119).
Адистер: Шеранова Нуржамал (0553828207.
Электрондук дарек: oshsu.oms@gmail.com
ОшМУнун сайтындагы баракча: http://www.oshsu.kg/ / Международные связи
Facebook социалдык тармагындагы баракча:
International Relations Office of Osh SU / Отдел Международных Связей ОшГУ

**Универститтеттин жашоосунда жигердүү катышууну каалasaңыз…**

Университтеттин Жаштар комитетинин ишине активдүү катышыңыз жана университетти башкарууга катышыңыз. ОшМУнун Жаштар Комитети жана иш-чаралар жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн 228- кабинетке кайрылыңыз.

- Жаштар комитетинин төрагасы –**Алтынбек уулу Муратбек.**
  Тел: 055450 04 54

**Эгерде чыгармачылыкка жакын болуп, "чымыныңыз" бар болсо, университеттин төмөндөгү борборлоруна кайрылыңыз**

| № | Аталышы | жетекчиси | Дареги, телефону |
|---|---|---|---|
| 1 | Студенттик "Нур" газетасы | **Маматжанов Мелис** | Башкы корпус – 219в тел- 0772 12 78 12 |
| 2 | "Үмүт" телестудиясы | **Керезбек кызы Айпери** | Башкы Корпус – 219 тел-0778 85 36 23 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбор | **Жалалов Эламан** | Башкы корпус – 219а<br>тел: 0779 363938 |
| 4 | «Студенттик театр» | **Нияз Абдиразаков** | 0770 57 07 81 |
| 5 | “Жаштык” эстрадалык тобу | **Мойдунов Жеңиш** | Искусство,<br>0558 40 09 28 |
| 6 | “ENACTUS”командасы | **Камалов Эрлан Токтоназарович** | Башкыкорпус – 130 Телефон – (3222) 2 04 87, 0552 750705 |
| 7 | “Үмүт” фольклордуктобу | **Эгемберди Талипов** | Искусство (МЭБ)<br>0552 112341 |

**Спорт менен машыгууну кааласаңыз........**

Тренажердук зал - башкы корпус

Машыктыруучу – **Жыргал Акунов,** Тел - 0557 87 58 56

Ошондой эле спорттун башка секцияларына катышууну кааласаңыз, дене тарбия кафедрасынын башчысы **Назиров Абдумажитке** кайрылыңыз – №2 корпус филфак.

**ОшМУда:**

- 2 жабык спорт комплекси
- 15 ачык типтеги спорт комплекси
- Кичи жана стандарттык футболдук аянтчалар
- Заманбап теннистик корт
- Спорттун 13 түрү боюнча федерациялар иштейт

**Студенттик же зачеттук китепчени жоготуп алсаңыз, анда.**

Факультетиңиздин деканатындагы методист (офис-регистраторго) кайрылыңыз. Дубликат жасоо үчүн 2 (3х4) фотосүрөт керек болот

**Эгерде библиотекадан алган китепти жоготуп алган болсоңуз…**

Китепканачыга кайрылып кантип жоготуунун ордун толуктаса болоорун билип алганыңыз оң (Библиотека деген бөлүмдү караңыз).

**Башка түшүнбөгөн суроолор же укугуңуз бузулган болсо, ар дайым төмөндөгү телефондор аркылуу маалымат алууга болот:**

- Тарбия департаменти:

Социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору – **Колдошов Түмөнбай Рахманович** – Башкы корпус 121- кабинет.

Тел. 3222 22526, 0770 14 92 09

- Коррупцияга каршы күрөшүү комиссиясы:

төрагасы - **Аккулов Абдыжапар Ураимович**

133-кабинет, тел: 2-21-56, 0777 760067

- Студенттик акыйкатчы (омбудсмен):

**Орозали уулу Бектурсун** башкы корпус кабинет 219 б
тел - 0773 03 97 14

## 2017-2018-окуу жылына карата ОшМУнун Академиялык календары

| **Күзгү семестр** | **Жазгы семестр** |
|---|---|
| 1.09.17 – Билим күнү жана окуу жылынын расмий ачылышы<br>25.08-9.09.2017 – 1-курстун студенттери үчүн багытоочу жумалык<br>1.09.2017 – окуунун башталышы<br>1.09.2017 – Курман Айт майрамы<br>23.09.2017 – Мамлекеттик тил күнү<br>23-28.10.2017 (8-жума) – Модулдук жума<br>3-25.10.2017– Студенттике кабыл алуу аземи (ар бир факультет графигине ылайык)<br>17.11.2017 – Студенттер күнү (иш-планга ылайык түрдүү иш-чаралар)<br>18-31.12.2017–Модулдук жума / Сессия<br>31.12.2017 – окуунун аякташы<br>31.12.2017 – Жаңы Жыл майрамы<br>31.12.2017 -30.01.2017 – Кышкы каникул | 29.01.2018 – Сабактардын башталышы<br>23.02.2018 – Ата-Мекенди Коргоочулар күнүнө карата иш-чаралар ("Мистер ОшМУ ж.б.")<br>8.03.2018 - Эл аралык аялдар күнүнө карата иш-чаралар ("ОшМУ Периси" ж.б.)<br>21.03.2018 – Нооруз майрамына арналган кечелер ("ОшМУ жазы" фестивалы ж.б.)<br>26.03- 31.03.2018 – Модулдук жума<br>3-10.04.2018 – Илим жумалыгы<br>25.05.2018 – Университеттин күнү<br>14-27.05.2018 – Модулдук жума / сессия<br>29.05-17.06.2018– Бүтүрүүчү курстар үчүн Мамлекеттик Аттестациялар мезгили<br>3-10.07.2018– Жайкы семестрге катталуу<br>5.06-5.07.2018– Жайкы семестр<br>05.06 –31.08.2018 – жайкы каникул |

## Глоссарий

**Академиялык даража** – мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча жогорку окуу жайдын тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн тиешелүү окуу программасын өздөштүргөн билим алуучуларга ыйгарылган даража.

**Академиялык календарь** – окуу жылы ичинде окуу сабагынын өткөрүлүшүн жана текшерүү иш чараларды, эс алуу күндөрдү көрсөткөн график.

**Абитуриент** – жогорку же атайын орто окуу жайына тапшырган жана орто (толук) билимге ээ болгон инсан.

**Студенттерди анкетирлөө** (сурамжылоо) – окуу программаларын өзүнүн окуу ишмердүүлүгүгүнүн кызматтары жана ар кандай аспектилери менен студент канчалык деңгээлде канааттангандыгын аныктоо максатында суроолорду, интервьюну колдонгон баалоонун методу.

Көбүнчө студенттерди ачык же жабык типтеги анкеталарды толтуруп берүүсүн же телефон боюнча суроого жооп берүүсүн суранышат. Студенттерден анкеталык сурамжылоолордун кыскача баяндалышы почта, телефон сүйлөшүүлөрдөн турат.

**Студенттик сурамжылоолор** – өткөрүү боюнча жөнөкөй, арзан жана көп сандагы студенттерди камтый алат. Кээ бир байкоочулар мындай сурамжылоолордун ишенимдүүлүгүнө, ошондой эле алардын билим берүү саясатындагы маанилүүлүгүнө шектенишет.

**Аудитордук окуу сабактары** – бекитилген расписание боюнча студенттердин группалары менен жана поток менен өтүлгөн сабактар: лекциялар, семинарлар, практикалык сабактар, лабораториялык иштер.

**Бакалавр** – жогорку билим берүүгө туура келген билим берүүчү программаларды ийгиликтүү өздөштүрө алган инсанга аттестациянын жыйынтыктары боюнча ыйгарыла турган жана ага ээ болуучуларга аныкталган профессионалдык ишмердүүлүктөр менен машыгууга же көбүрөөк жогорку академиялык даражаны алыш үчүн магистрдик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга укук берген биринчи академиялык даража (квалификациялык даража, квалификация).

**Дистанттык окутуу же аралыктан окутуу** – окуу мекемесине келбестен, бирок окуу мекемесинин окутуучуларынын тынымсыз консультациялары менен камсыз кылуучу заманбап педагогикалык, компьютердик жана телекоммуникациялык технологиялардын, методдордун жана каражаттардын жыйындысы.

**Диплом** – жогорку профессионалдык билим берүүнү бүтүрүүнү тастыктоочу официалдуу документ. КРнын мыйзам чыгаруучу органдары тарабынан ар түрдүү тепкичтер үчүн дипломдун төмөндөгүдөй түрлөрү белгилүү: бакалаврдын диплому, жогорку профессионалдык билим берүү менен адистиктин диплому.

**Дипломдук иш** – жогорку окуу жайынын студентинин окуунун акыркы жылынын жыйынтыктоочу аттестациясынын этаптарында аткара турган жана анын адистик боюнча өз алдынча иштөөгө даярдыгын текшерүүнүн формаларынын бири катары кызмат кылган жана ага аныкталган квалификацияны ыйгаруу жана билим берүү мекемени бүтүргөндүгү тууралуу дипломду берүү үчүн кызмат кылган өз алдынча бүтүрүүчү квалификациялык иш.

**Зачет** – окуу жана өндүрүштүк практикалар процессинде аткарыла турган лабораториялык, эсептик – графикалык иштерди, курстук проекттерди (иштерди), о.э. практикалык жана семинардык сабактардан алынган билимдерди, көндүмдөрдү баалоо үчүн арналган студенттердин арадагы аттестациясынын формасы. Курстук проекттерге (иштерге), өндүрүштүк практикаларга, сабактарга дифференцирленген баалар менен коюлган зачеттор университеттин окуу – методикалык кеңешинде бекитилет.

**Квалификация** – 1) билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуунун аныкталган жөндөмдүүлүктөрү; 2) тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан берилген, курстун программасын ийгиликтүү өздөштүрүүнү аныктаган жогорку билим берүүдөгү илимий даража, диплом же формалдуу аттестациянын башка типтери. Ар түрдүү өлкөлөрдө жана ар түрдүү деңгээлдерде жогорку билим берүүнүн көп сандагы даражалары кездешет (мисалы, бакалавр даражасы, магистр, доктор ж.б.). Квалификация компетенттүүлүктүн деңгээлин жана аныкталган билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү кабыл алууну билдирет; 3) билим берүүнүн эрежеси катары аныкталган бул же тигил ишмердүүлүктөрдү аткаруудагы адистин даярдыгынын сапаттык көрсөткүчү.

**Конспект** – үйрөнүлүүчү материалдардын мазмундарын кыскача жана удаалаш баяндоону өзүндө кмтыган окуу жазууларынын маанилүү бир формасы.

**Кредит** – бул саат менен туюнтулган студенттердин эмгектерин өлчөөнүн бирдиги. “Кредит” термини студенттердин мобилдүүлүгүн кеңейтүү максатында окутуунун жыйынтыктарын салыштырууга мүмкүндүк берген жана салыштырмалуулукту системалуу туюнткан инструмент.

**Курстук иш** –аныкталган мөөнөттө жана аныкталган талаптар боюнча университеттин студенттери аткара турган тапшырма. Курстук иштер даярдоо багыты (адистиги) боюнча негизги деп эсептелинген предметтерден жазылат.

**Лекция**– максаты логикалык – тууралыктан турган окуу сабагынын формасы, лектордун конкреттүү сабактын теориялык суроолорун удаалаш баяндоосу. Эреже катары лекциялык материалдар семинардык сабактарда бекемделет.

**Модуль** – (латын сөзүнөн modulus – ченем) курстук бирдик –билим берүүдө күтүлүүчү натыйжалардын аныкталган жыйындыларынын алкагында, компетенция терминин түшүндүргөн, зачеттук бирдиктерде өздөштүрүү кыйынчылыктарын мүнөздөөчү билим берүүнүн мазмундук жана методикалык бөлүгү.

**Практика** – окутуучунун жетекчилиги астында жана аныкталган программалар боюнча окутуу учурунда, студенттердин даярданып жаткан профессионалдык ишмердүүлүктөрүнө түздөн – түз катышууларын тастыктаган, адистиктин бирден – бир профессионалдык даярдыгын түзүп туруучу ЖОЖдогу иштердин маанилүү компоненти.

**Реферат** – изилдөө маселеси боюнча бир нече булактардагы негизги мазмунду кыскача камтып турган студенттердин өз алдынча иштеринин формасы. Рефераттын эки түрү белгилүү: продуктивдик жана репродуктивдик. Репродуктивдик рефератта баштапкы тексттин мазмуну кайрадан иштелип чыгат. Продуктивдик реферат негизги булактардын чыгармачыл жана сын көз –караштагы мазмунун камтып турат.

**Семинар** – окутуучунун жетекчилиги астында окуу жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча студенттердин аткарган докладдары, рефераттары жана билдирүүлөрдү талкуулоого арналган окуу иштеринин формасы. Окутуучу милдеттүү түрдө даярдыкты талап кылган семинардын талкууланууучу темасынын координатору болуп саналат. Семинардын темасы жана талкуулоонун негизги булактары талкуулоого чейин алдын ала берилет. Талкуулоонун максаты профессионалдык талашуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана талкууланууучу теманы бекемдөөгө багытталган. Семинар сабактын группалык формасын камтуу менен студенттердин активдүү катышуусун божомолдойт.

**Стипендия** – мамлекеттик билим берүү мекемелеринде жогорку жана профессионалдык билим берүүдө окутуунун күндүзгү формаларынын жакшы жетишкен студенттерине жана аспиранттарына, өндүрүштөн алынган окутуунун атайын курстарын ийгиликтүү өздөштүрүүчүлөргө төлөнүп берилүүчү акчалай жардам.

**Факультет** –аныкталган адистиктер боюнча студенттерди жана аспиранттарды даярдоону ишке ашыруучу, анда бириктирилген кафедралардагы илимий – изилдөө жана окуу – тарбиялык ишмердүүлүктөрдү жетектөөчү ЖОЖдун окуу – илимий жана административдик бөлүмү.

## ОшМУнун факультеттери жана алардын даректери

| № | Факультеттер | Дареги | № корпус |
|---|---|---|---|
| **1.** | Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети | А. Масалиев пр. 91а | **№2** |
| **2.** | Орус филологиясы факультети | А. Масалиев пр. 91а | **№2** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.** | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети | Курманжан Датка көчөсү, 250 | **№ 4** |
| **4.** | Педагогика жана дене тарбия факультети | А. Масалиев проспекти, 91а | **№ 3** |
| **5.** | Искусство факультети | Г.Айтиев көчөсү 4 | **№ 7** |
| **6.** | Математика жана информациялык технологиялар факультети: | Ленин көчөсү, 331 | **№ 1** |
| **7.** | Бизнес жана менеджмент факультети | Кыргызстан көчөсү, 138 | **№ 9** |
| **8.** | Медицина факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№ 18 А** |
| **9.** | Дипломдон кийинки медициналык билим берүү факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№ 18 А** |
| **10.** | Эл аралык медицина факультети | Ж. Мамытов көчөсү | **№18 А** |
| **11.** | Тарых факультети | И. Раззаков көчөсү, 21 | **№ 8** |
| **12.** | Юридика факультети | И.Раззаков көчөсү, 21 | **№ 8** |
| **13.** | Физика-техника факультети | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **14.** | Кыргыз-Европа факультети | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **15.** | IT- академиясы | Ленин көчөсү, 333 | **№ 1 Б** |
| **16.** | Табият таануу жана география | Исанов Н. көчөсү, 77 | **№ 6** |
| **17.** | Теология факультети | Н. Исанов көчөсү,77 | **№ 6** |
| **18.** | Эл аралык мамилелер | А. Масалиев проспекти 33 | **№2** |
| **19.** | Кыргыз-Кытай факультети | И.Монуев көчөсү | **№ 19** |
| **20.** | Кино академия | И.Монуев көчөсү | **№ 19** |
| **21.** | Мектеп мугалимдеринин билимин өркүндөтүү институту | И.Монуев көчөсү | **№ 19** |
| **22.** | ЖОЖго даярдоо борбору | А.Бөрүбай уулу көчөсү 4 | **№ 1 Б** |
| **23.** | Арашан гуманитардык институту | Бишкек шаары | |
| **24.** | Үзгүлтүксүз берүү институту | А.Масалиев проспекти, 91а | **№2** |
| **25.** | Медицина колледжи | Ош шаары, Н.Исанов көч,77 | **№ 5** |
| **26.** | Өзгөн медициналык колледжи | Өзгөн шаары, Манас көчөсү, 215 | |
| **27.** | Финансы-юридикалык колледж | Шакиров Көчөсү, 271а | **№12** |

Ош мамлекеттик университетиндеги баардык актуалдуу жаңылыктардан артта калбайм десеңиз, анда **www.oshsu.kg** сайтына кириңиз, ал жерден толук маалыматты жана акыркы кабарларды ала аласыз.

| **КЕРЕКТҮҮ САЙТТАР** | |
|---|---|
| http://www.oshsu.kg | ОшМУнун сайтты |
| oshsu.oms@gmail.com | ОшМУнун электрондук почтасы |
| http://ibooks.oshsu.kg | Электрондук китепкана |
| http://mediacentre.oshsu.kg | Медиа борбордун сайты |
| http://avn.oshsu.kg | “AVN”маалымат системасы |
| http://de.oshsu.kg- | Дистанттык билим берүү |




1. ОшМУнун башкы имараты
- Ректорат, -Бухгалтерия, -Кадырлар бөлүмү
- Математика жана информациялык технологиялар факультети
2. ОшМУнун №2 окуу имараты
- Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети
- Орус филологиясы факультети
3. ОшМУнун №3 окуу имараты
- Педагогика жана дене тарбия факультети
- Эл аралык мамилелер факультети
4. ОшМУнун №4 окуу имараты
- Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети
5. ОшМУнун №5 окуу имараты
- ОшМУнун медициналык колледжи
- "ЫЙМАН" гимназиясы
6. ОшМУнун №6 окуу имараты
- Табият таануу жана география факультети
- Теология факультети
7. ОшМУнун №7 окуу имараты
- Искусство факультети
8. ОшМУнун №8 окуу имараты
- Тарых факультети
- Юридика факультети
9. ОшМУнун №9 окуу имараты
- Бизнес жана менеджмент факультети
10. ОшМУнун №15 окуу имараты
- Физика – техникалык факультети
- Кыргыз-Европа факультети
- IT- академиясы
11. ОшМУнун №17 окуу имараты
- Финансы – юридикалык колледж
12. ОшМУнун "Ак-Буура" КАМПУСу
- Медицина факультети
- Эл аралык медицина факультети
- ОшМУнун медициналык клиникасы
- Дипломдон кийинки медициналык билим берүү
13. ОшМУнун Стоматология клиникасы
14. "АДИС" окуу борбору
15. "БИЛИМ" лицейи
16. Кыргыз-Кытай факультети,
- Кино академия, -Мектеп мугалимдеринин билимин өркүндөтүү институту, -ЖОЖго даярдоо борбору

Жатаканалар